| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ<br>XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН<br>КЕЗЕКТЕГИ XVСЕССИЯСЫ | | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОЧЕРЕДНАЯ XV СЕССИЯ XVIII<br>СОЗЫВА |

# ТОКТОМ

**2022-жылдын 25-ноябрындагы <u>№ 45</u> Тамга айылы**

**Шамыралиев Тукайдын ысымын Аэропорт жаңы конушундагы Тамга-4 көчөсүнө ыйгаруу жөнүндө**

Тамга айылынын тургуну Шамыралиев Акбар Тукаевичтин кайрылуусун эске алып, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл аймагынын Тамга айылында айылды өнүктүрүүдө, айылга киреше тартууда чоң салымын кошкондугун эске алуу менен Тамга айылынын жашоочусу,Улуу Ата Мекендик согуштун ветераны, маркум Шамыралиев Тукайдын наамы Тамга айыл аймагынын Тамга айылындагы Аэропорт жаңы конушундагы Тамга-4 көчөсүнө ыйгарылсын.

2. Көчөгө маркумдун атын жазып, үйлөргө номерлерди илүү, көчөнүн тазалыгын, ирээттүүлүгүн, жарыктандыруусун көзөмөлгө алуу жагы маркумдун уулу Шамыралиев Акбар Тукаевичке эскертилсин.

3. Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрагасы** **А.Букаров**